Бекитем: __________

Директор Джаныш баева Ч.Т.

"___________________2022-жыл

**№10 А.Осмонов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин**

# ӨНҮГҮҮ ПЛАНЫ

**Мектептин Педагогикалык Кеңешмесинин 2022-жылдын 26-августундагы №7 чечими менен бекитилди**

# №10 А.Осмонов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин өнүгүү планы

**№10 А.Осмонов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин миссиясы:**

Өзүн-өзү өнүктүрүү программасынын негизинде мектептин миссиясы 2022-жылдан 2027-жылга чейин негизги стратегиялык максаты жана анын эффективдүү көрсөткүчтөрүнүн үстүндө иштөө боюнча атайын программа иштелип чыккан.

**Мектептин миссиясынын жана программасынын негизги идеясы:**

Окуу- тарбия процессинде заманбап технологияларды пайдалануу аркылуу окуучулардын билим сапатын жогорулатуу жана компетенттүүлүккө тарбиялоо.

**Мектептин миссиясынын негизги бөлүгү:**

№10 А.Осмонов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектеби ийгиликке жетишүү үчүн жамаатты максатка бириктирүү,ата-энелер,коомчулук менен бирге тыгыз байланышта элдик маданиятты сүйгөн, жашоодо өз ордун таба билген,ар тараптан өнүккөн инсанды тарбиялоо,окутуунун жаңы технологияларын киргизүү.

**Максаты:** Мектеп ишин жаңылап жакшыртууда окуу предметтерин жогорку илимий-методикалык деңгээлде окутуунун негизинде окуучулардын билимдеринин, билгичтиктеринин жана көндүмдөрүнүн сапатын жогорулатуу, алардын окууга болгон жоопкерчилиги күчөтүлөт, окуп-таанып-билүүчүлүк ишмердүүлүктөрү өркүндөтүлөт.

Коюлган максаттарды иш жүзүнө ашырууда:

- Этнопедагогикалык багытта ата-бабалардын мыкты салттарын, үрп-адаттарын турмушта пайдаланууга үйрөтүлүп, кылмыштуулукту болтурбоонун алдын-алуу иш-чаралары күчөтүлөт;
- Алган теориялык билимдерин практикада пайдалануу, окуучулардын,мугалимдердин мектеп ичиндеги окуу бөлмөлөрүн ,андагы окуу эмеректерин, окуу куралдарын ж.б. көздүн карегиндей сактоого, мектептин ички, сырткы чөйрөлөрүн жашылдандыруу,тазалыкта кармоо иш-аракеттерин жүргүзүү аркылуу табигат менен таттуу мамиледе болууга экологиялык багытта билим-тарбия берүү улантылат;
- Таланттуу, зээндүү балдар менен иштөөдө ар биринин жекече мүмкүнчүлүктөрүн өркүндөтүү үчүн шарттар түзүлөт, алардын чыгармачылык изденүүсү калыптандырылат.

Өзгөчө муктаждыгы бар, аялуу балдарды коомго аралаштыруу максатында мектеп имаратында окутуу бөлмөлөрүн ачуу,аларга күндөлүк жашоодогу керектүү нерселердин жөндөмүн үйрөтүп,өнүктүрүүчү борбордо окутуу жана тарбиялоо боюнча инклюзивдик билим берүү ишке ашырылат.

- БУУнун Дүйнөлүк Азык-түлүк программасы боюнча башталгыч 1-4-класстарынын окуучуларынын ден соолугунун чың болушуна камкордук көрүү максатында мектеп ашканасында ысык тамакты уюштуруу мөөнөтү бүткөндүгүнө байланыштуу,республикалык жана жергиликтүү бюджеттин эсебинен иш жүзүнө ашырылат.

**Көйгөйлөр:**

- Окутуунун ортоңку жана жогорку баскычтарындагы окуучулардын окууга болгон кызыгуусунун төмөндөшү;
- Окуучулар менен мугалимдердин окуу керектөөлөрүн материалдык база камсыздабайт;
- Ата-энелер жана окуучулар мектептин ишмердүүлүгүн пландаштыруу процессине аз деңгээлде тартылган;

| № | Иш чара | Жооптуулар | Мөөнөтү | Күтүлүүчү натыйжалар |
|---|---|---|---|---|
| 1-милдет. Мектептин стандарттарга ылайык иштөөсү | | | | |
| 1.1 | Билим берүүнүн стандартын талапка ылайык ишке ашыруу | Директор | 2022-2027 | |
| 1.2 | Мектепке инвентаризация жүргүзүү | Директор | 2022-2026 | |
| 1.3 | Мектепти утурумдук оңдоо | Директор | 2022-2023 | Мектептин инфраструктурасынын жакшыруусу |
| 1.4 | Маалымат технологияларын окуу процессинде колдонуу | ОББ | 2022-2026 | Билим сапатынын жогорулоосу |
| 1.5 | Мектепти окуу мебелдери менен камсыз кылуу жана эски мебелдерди жаңылоо | Директор | 2022-2027 | Эски мебелдер жаңыланат |
| 2-милдет . Мугалимдер, ата-энелер,коомчулук, билим берүүгө тиешеси бар мекемелер менен иштөө | | | | |
| 2.1 | Кыргыз Республикасында билим берүү жана илим министрлигинин 2040-жылга чейин Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү программасы,2021-2040-жылдарга Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү программасынын иш аракеттер планын педколлективге, ата-энелерге, коомчулукка жана окуучуларга түшүндүрүү | Директор | 2022 | Мектептин өнүгүү планы менен таанышышат. |
| 2.2 | Мектепти мыкты, чыгармачыл педагогикалык кадрлар менен толуктоо | Директор | 2022-2027 | Мыкты кадрлар толукталат. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 2.3 | Мугалимдердин кесиптик чеберчилигин жогорулатуу үчүн курстарга үзгүлтүксүз жөнөтүү | Директор | 2022-2027 | Өз билимин өркүндөтүү үчүн курстан өтүшөт. |
| 2.4 | Алдыңкы педагогикалык иш тажрыйбаларды үйрөнүү жана жайылтуу иштерин уюштуруу,өз ара тажрыйба алмашуу иштерин уюштуруу | Мугалимдер | 2022-2027 | Иш тажрыйбалары жайылтылат. |
| 2.5 | Мугалимдердин мектеп келишиминин негизинде иштөөгө өтүүсү | Мугалимдер | 2022-2027 | Эки тараптуу келишим түзүлөт. |
| 2.6 | Педагогикалык кадрлардын эс алуусуна шарт түзүү,социалдык колдоого муктаж болгон мугалимдерге көңүл буруу | Кесиптик кошундун төрайымы | 2022-2027 | Социалдык колдоого муктаж болгон мугалимдерге шаардык эмгек жана социалдык өнүктүрүү башкармалыгы менен биргеликте иш алып барылат ,ШБББнын кесиптик уюмунан эс алуу үчүн путевкалар камсыздалат. |
| 2.7 | Компетенттүү мамилени, эс алууну уюштуруу;<br>Маданияттуу билим берүүнүн өнүгүүсүн камсыздоо; | Директор,ОББ | 2022-2027 | Маданияттуу билим берилет. |
| 2.8 | Мугалимдин эмгек акысынын жетиштүүлүгүнө көмөк көрсөтүү (саат бөлүштүрүү); | МБЖ,ата-энелер комитети | 2022-2027 | |
| 2.9 | Окуучулардын жетишүү деңгээлин системалуу түрдө жакшыртып жаткан мугалимдерди колдоо жана шыктандыруу;<br>Мугалимдердин өзгөчөлөнгөн окуучулар менен иштөөсү, иш пландары; | Директор | 2022-2027 | Мугалимдер үчүн колдоо көрсөтүлөт. |
| 2.10 | Мугалимдин чеберчилигин арттырууда мектепте маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын инфраструктурасын өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү. Компьютердик сабаттуулук боюнча иш жүргүзүүнүн абалы; | Директор | 2022-2027 | Компьютердик сабатсыздык жоюлат. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 3-милдет. Мектептин материалдык- техникалык базасын чыңдоо | | | | |
| 3.1 | Мектептин жылуулук системасын ,ички ажатканаларды,мектептин терезелерин пластик терезелерге алмаштыруу боюнча бизнес проектилерди даярдоо | Директор | 2022-2027 | |
| 3.2 | Ишкер адамдардын, спонсор мекеме-ишканалардын каржылоосу менен интерактивдүү доска, проектор, башталгыч жана жогорку класстардын парта, стул, шкаф, мугалимдин столу, жумшак стул, магнит доска сатып алууга жетишүү | Директор | 2022-2027 | |
| 3.3 | Химия, физика лабораторияларын керектүү куралдар жана химиялык реактивдер менен толуктоо | Директор,чарба башчысы | 2022-2027 | |
| | Мектептин материалдык базасын чыңдоо үчүн спорт залды арендага берүү менен кошумча киреше табуу | Директор,чарба башчысы | 2022-2027 | |
| 4-милдет.Окуу- тарбия процессин орундатуу | | | | |
| 4.1 | Пландуу түрдө мектептеги окуу-тарбия иштеринин сапатына мониторинг жүргүзүү | ОББ | 2022-2027 | |
| 4.2 | 5-11-класстарда кышкы, жазгы чейректерди, экзамен, зачет, тест сынагынын негизинде жүргүзүүнү кенири практикалоо | ОББ | 2022-2027 | |
| 4.3 | Мугалимдерди методикалык жактан такшалтуу үчүн ачык сабак, бири-биринин сабактарына катышууну көбөйтүү, мектептин окуу бөлүмүнүн башчысы жыл сайын 200дөн кем эмес сабакка катышуусуна жетишүү, ата-энелер “Үй-бүлө,мектеп - терең билим менен татыктуу тарбиянын негизи” деген девиз менен ата-энелер конференциясын, жолугушууларды өткөрүү. | Директор,ОББ | 2022-2027 | |
| 4.4 | Пед.кадрларга, окуучуларга соц.жардам көрсөтүү | Соц.педагог | 2022-2027 | |